КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы №20 Барскоон айылы

**Тамга айылдык кенешинин 2014-жылдын 24-мартындагы токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Тамга айылдык кеңешинин 2014-жылдын 14-мартындагы токтомунда көрсөтүлгөн кызматкерлер ээлеген кызматтарынан бошотулгандыгына байланыштуу №33 токтомго өзгөртүү киргизүү максатында Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Тамга айылынын Тамга мектебинин аянтына окуучулар, жаштар машыга турган заманбап спорт комплекс курууга макулдук берилсин. Долбоордун иш кагаздарын жана башка көйгөйлөрдү чечүүгө Тамга айыл башчысы М.Конушбеков жана демилгечи топтун жетекчиси К.Жусуев дайындалсын.
2. Жети-Өгүз райондук жана шаар куруу башкармалыгынан АГЗ жана тиешелүү иш кагаздары жаңылап даярдап берүү жагы суралсын.
3. Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Тамга мектебинин аянтына курулуучу спорт комплекстин ордун даярдоого айыл өкмөт башчысы К.Калыковго жана мектеп директору У.Торгоевге милдеттендирилсин.
5. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоого акча каражатын бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска